**Кыргызстан тарыхы предметинин аннотациясы.**

Кыргызстан тарыхы предмети жалпы фундаменталдык билим берүү бөлүмүнүн катарында болуу менен бирге, студенттин коомдо өз позициясына туруктуу болгон жана дүйнөгө өз алдынча көз карашы, пикири, чечим чыгара билген татыктуу инсан катары калыптануусунда тарых илиминин орду өтө зор. Айрыкча илим менен техника, маалымат технологиялары укмуштуудай тез темп менен өнүгүп, коомдо адамзат бир канча руханий кризистерге учурап жаткан мезгилде, учурдагы коомдук турмушту өткөн мезгил менен салыштырып баалоого, келечекке илимий негизде ой жүгүртүүгө кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

Кыргызстан тарыхы предметинде кыргыз элинин тарыхый өнүгүүсүндө узак жылдардагы өз эркиндиги, өз алдынчалык үчүн жүргүзүлгөн күрөшү, анын ошол мезгилдеги калыптанган маданияты, Борбордук Азияда ээлеген орду жана коңшу элдер менен болгон байланыштары көрсөтүлгөн. Кыргыз элинин биротоло эл болуп калыптануусу, анын бүгүнкү күндө ээлеп турган аймагы, ич ара экономикалык, саясий байланыштарына тийгизген тарыхтын оң жана терс таасирлери да жеткиликтүү баяндалат.

Кыргызстандын колониалдык доордогу жана совет мезгилиндеги өнүгүү, советтик - мамлекеттик түзүлүшү, Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги кыргызстандыктардын фронттогу жана тылдагы эрдиктери, сенектик жана кайра куруу жылдарындагы Кыргызстандын өнүгүүсү, эгемендүүлүк жылдардагы социалдык-экономикалык жана саясий абалы каралат.

Кыргызстан тарыхы предметин окутууда эң байыркы доордон бүгүнкү күнгө чейинки болгон жана болуп жаткан окуяларга анализ берүү менен бирге Ата Мекенге болгон сүйүүнү арттыруу, патриоттуулукка тарбиялоо.

Кыргызстан тарыхы өз алдынча XX-кылымдын орто ченинен баштап илимге айланганын үйрөтүү. Кыргызстан тарыхы илиминин предмети, максаты жана милдеттерин студенттерге жеткирүү. Кыргызстан тарыхы дүйнө тарыхынын бөлүгү катары экени, Кыргызстан тарыхынын негизги проблемаларын, тарыхты мезгилдештирүүнү, Кыргызстан тарыхынын булак таануу жана тарыхнаамалык базаларын түшүндүрүү менен студенттерге жеткирүү.

- Кыргызстан тарыхындагы орчундуу окуялардын келип чыгуу, өнүгүү тарыхын, край тануу боюнча маалыматтарга ээ болуу, коомдун өнүгүшүнө салым кошкон тарыхый инсандар жөнүндө маалымдуу болуу, ар бир доорлордун өзгөчөлүктөрүн жана андагы болгон окуяларды айырмалай, талдай билүү керек.
- Доорлордун өнүгүшүнө жана алардын айырмачылыктарына карата алган билимдердин жардамы менен ой жүгүртө алуусу, болгон окуялардын келип чыгышын жана алардын жыйынтыктарына анализ бере билүүсү, тарыхый улуу инсандардын өзүнө туура келген пайдалуу жактарын алып пайдалана билүүсү керек.
- Кыргызстан тарыхы предметин өздөштүргөн сон студент өз адистигинде жана жашоосунда көндүмдөрдү пайдалана алат. Себеби тарых бул келечектин күзгүсү Тарых коомдун келечегин түзүүдө чон роль ойнойт.
- Кыргызстан тарыхы курсун окуп өздөштүрүү менен бирге студенттер жаңы фактыларды, ойлорду, идеяларды, ой-жүгүртүүнү үйрөнөт.
- Кыргызстан тарыхын үйрөнүү менен бирге алган билиминин негизинде студент логикалык ой жүгүртүү, илимий талдоо жүргүзө билүү, билиминин эффективдүүлүгүн жогорулатуу маселелери боюнча диспуттарга катышуу, өз сунуштарын далилдүү айта билүү тажрыйбасына ээ болот.
- Кыргызстан тарыхын үйрөнүүнүн натыйжасында студент билим берүү программасын өздөштүрүүнүн күтүлүүчү натыйжасына ылайык келген төмөнкү окутуу натыйжаларына жана дисциплинага берилген компетенцияга жетишет.